6. Сластенин В.А. Педагогика: Учебное пособие для студентов высших педагогических учебных заведений. – 3-е изд., стереотип. – М.: Изд. Центр «Академия», 2004. – 576 с.

7. Эконометрика: Учебник / Под ред. И.И.Елисеевой. – М.: Финансы и статистика, 2002. – 344 с.: ил.

УДК 37.017.4(575.2)

КЫРГЫЗСТАНДА ЖАШ МУУНДАРДЫ ТАРБИЯЛООНУН ЭТНОМАДАНИЯТ ТАЛАМДУУ БААЛУУЛУКТАРЫ

***Алимбеков Акматаалы** педагогика илимдеринин доктору, профессор. Кыргыз –Түрк “Манас” университети, Бишкек шаары, Кыргыз Республикасы*

Аннотация. Макалада Кыргызстанда жаш муундарды тарбиялоонун мазмуну мектеп окуучуларынын этномаданий компетенттүүлүктөрүнүн контекстинде талдоого алынып, анын негизги көрсөткүчтөрү айкындалган.

Негизги сөздөр: тарбия, этномаданият, окуучу, компетенттүүлүк, баалуулуктар.

ЭТНОКУЛЬТУРНО ОРИЕНТИРОВАННЫЕ ЦЕННОСТИ ВОСПИТАНИЯ ПОДРАСТАЮЩЕГО ПОКОЛЕНИЯ В КЫРГЫЗСТАНЕ

***Алимбеков Акматаалы** доктору педагогических наук, профессор. Кыргызско –Турецкий университет “Манас”, город Бишкек, Кыргызская Республика.*

Аннотация. В статье обсуждаются содержание воспитания подрастающего поколения в Кыргызстане в контексте этнокультурных компетентностей учащихся общеобразовательных школ, а также определены её основные показатели.

Ключевые слова: воспитание, этнокультура, учащихся, компетентность, ценности.

ETHNOCULTURAL VALUES-ORIENTED EDUCATION OF THE YOUNGER GENERATION IN KYRGYZSTAN

***Alimbekov Akmataaly** doctor of the pedagogics science, professor of the Kyrgyz- Turk University “Manas”, Bishkek c., Kyrgyz Republic*

Abstract. The article discusses the content of education of the younger generation in Kyrgyzstan in the context of ethnic and cultural competence of pupils of secondary schools, as well as its key indicators defined.

Keywords: education, ethnic culture, students, competence, values.

«Канткенде адам уулу адам болот?» - деген табышмактуу татаал маселенин тегерегинде адамзат байыркы доордон ушул күнгө чейин тынымсыз изденгени изденген. Элдин жашоо турмушунда бул суроонун жообун табуу канчалык тагдыр чечээр маани-маңызга ээ экендиги Ч.Айтматовдун «Деңиз бойлоп жорткон ала дөбөт» аттуу повестинен алынган төмөнкү ыр саптарда өтө таасын туюнтулган:

Эзелтен чечилбеген улуу талаш
Канткенде адам уулу адам болот?
Ураалап жоо кууса да ушул талаш,

Канткенде адам уулу адам болот?
Ажалга көз жумса да ушул талаш,
Канткенде адам уулу адам болот?

Душманды кырып-жоюп басканда да,
Душмандан жан соогалап качканда да,
Түбөлүк чечилбеген улуу талаш,-
Канткенде адам уулу адам болот?
Адамзат качан чечет, качан коет,-
Канткенде адам уулу адам болот? [1]

Мындай руханий-педагогикалык изденүүлөрдүн айрым издери элдик оозеки чыгармачылыкта катталып, күнүмдүк жашоо турмушта кадыресе идеал жаратуучу потенцияга ээ болуп келген. Бирок, аалам адамзатынын өзү сымал бул дөөлөттөр да түрдүү түспөлгө ээ. Дүйнөдө тарыхый аренага келген ар бир *цивилизация* ар бир улут өзүнө таандык бири биринен айрымалуу тарбия моделдерди жараткан. Алсак, *Ыраакы чыгыш цивилизациясы* даосизм, буддизмдин канондоруна жана ошондой эле Конфуцийдин окууларынын негизинде түптөлүп ал жаштарда улууларды урматтоо, өзүн коомдо кабыл алынган нарк дөөлөттөргө шайкеш тынымсыз өркүндөтүп олтурууну нускайт. Билим культу өтө жогору болгон. *Түштүк азия цивилизациясынын* борбору Индия болгон. Бул цивилизациия коомдук жашоо уклады, касталык коомдук түзүлүш, ритуалдык символдого сыйынуу сыяктуу көрүнүштөр менен өзгөчөлөнгөн. Педагогикалык традициясы адамдын кудай, акылмандар, бабалар алдындагы үч милдетти кыйшаюусуз аткаруу принцибине негизделген. Таалим-тарбиянын мазмунунда индуизм жана буддизмдин баалуулуктары басымдуулук кылган.

Чыгыш цивилизациясынын базистик педагогикалык традициялары чыгыштык тарбия тибин жараткан. Мында ислам дининин эреже - салттарын аткаруга өтө катуу талаптар коюлган. Ошондуктан чыгыш адамында жеке эркин, өз аалдынча ой жүгүртүү коомдук турмуштун ар кандай сфераларында өз алдынчалыкка умтулуу сыяктуу сапаттарды калыптандырууга олуттуу көңүл бурулган эмес.

Батыш цивилизациясынын базалык педагогикалык традициялары карама каршылыктарга бай узак жолду басып өттү.

Анын башкы белгилери төмөнкүлөр:

- окутуу тарбиялоонун дөөлөттүк- рационалдык мүнөзү;
- инсандын эркин жана акылын өнүктүрүүгө умтулуу;
- адамды өнүктүрүүдө анын жеке өзгөчөлүктөрүнө чыгармачылык башталыштарына басым жасоо.

Учурда глобалдашуунун таасири астында таалим-тарбияга байланыштуу дөөлөттөрдү универсалдаштыруу аракети улам күч алып бара жатат.

Ушундан улам педагогикалык илим жана практикада чөйрөсүндө «*компетенттүүлүккө негизделген окутуу», «негизги компетенциялар», «мектеп окуучусунун негизги компетенциялары»* деген түшүнүктөр өз ордун таап тамырлап бара жатат.

Ал эми дүйнөлүк билим берүү мейкиндигинде мектеп окуучусунун *негизги компетенцияларын* **(ключевые компетенции)** иштеп чыгуу боюнча бир канча долбоорлор аткарылып алар азыр да улантылууда. Соңку долбоорлордун катарына Щвейцария жана Америка мамлекеттеринин абройлуу экономикалык институттары тарабынан жүргүзүлгөн *«Негизги компетенцияларды тандоо жана аныктоо»* деп аталган документти көрсөтүүгө болот. Ал эми Европа мейкиндигинде Европа кеңеши тарабынан өткөрүлгөн «Европа үчүн негизги компетенциялар» аттуу симпозиумда иштелип чыккан документ кыйла популярдуу. Ал документке ылайык окуучулардын компетенцияларынын болжолдуу тизмеси *үйрөнүү, издеп табуу, ой жүгүртүү, кызматашуу, чапчаңдык, ыңгайлаша билүү сыяктуу компоненттер аркылуу ачыкталат.* [3, 35-б]

Жогоркудай жалпы көрсөтмөлөргө карабастан Европа өлкөлөрүнүн ар биринде мектеп окуучусунун компетенциялары айрым айрымачылыктарга ээ. Бул мыйзам ченемдүү көрүнүш. Анткени, комптенциялар абстрактуу, универсалдуу түшүнүктөр эмес. Чын-чынына келгенде мектеп окуучусунун компетенциялары бул тигил же бул мамлекеттин эртеңки атуулунун кишилик сапаттарынын көрсөткүчү. Ошондуктан негизги компетенциялар азыркы илимий-техникалык прогресс менен маалыматтык коомдун жалпы универсал дөөлөттөрү менен бирдикте окуучунун этномаданий иденттүүлүгүн калыптандырууга багытталышы абзел. Антпеген күндө дале болсо совет мезгилиндеги «коммунисттик тарбиянын» догмаларындай идеологиялык мүнөзгө ээ болуп, улуттук кыртышта ойдогудай тамыр албай калышы мүмкүн.

Түпкүлүгүндө универсалдуу идеалдарды этномаданий бөтөнчөлүктөр менен айкалыштыруу, жаштардын **«өз ата мекенинде бөтөн адам»** болуп калбашын камсыз кылат, жеке адамдын ошондой эле бүтүндөй этностун өзүнө таандык руханий маданий автономдуулугунан ажырап ара жолдо калбашына бөгөт коюп, дүйнөлүк цивилизациянын теңтайлаш субъекти катары өнүгүп калыптанышына өбөлгө болот. Педагогика илиминин алп аалымы Г.Н. Волков таамай белгеилегендей «Эс тутумсуз тарых болбойт, тарыхсыз салт болбойт, салтсыз маданият болбойт, маданиятсыз тарбия болбойт, тарбиясыз личност болбойт, личностсуз улут болбойт». [4, 4-б] Ал эми таалим-тарбия ишинде мындай аксиомадан четтеп кетүү адамзатты ченемсиз руханий кыйроолорго алып келээри жөнүндөгү «чоң сөздү» «Кылым карытар бир күн» романы аркылуу Айтматов абдан таасирлүү айта алган. Учурда “Манкурт” түшүнүгү бардык мугалимдер үчүн балдарды тил безер, эл безер, журт безерликтен сактоонун эң таасирдүү эскерткичи катары кызмат кылат. “Ата-бабалардын тарых таржымалын, адат нарктарын ээн коюп үйрөн, көңүлгө тут,” !, Эне тилге, элдик салтка текебер мамиле кылба!” “ Манкурт болуп каласың” деген Айтматовдун ой санаасынан агып чыккан түптүү жетектөөчү идеялар, мугалимдердин балдар менен алака катышында кадыресе императивдик, категориялык мааниге ээ болуп бара жаткандыгын көрөбүз. Ошону менен бирдикте мектепте жаш муундардын “Этномаданий компетенттүүлүгүн” калыптандыруунун түптүү түшүнүктөрү, мазмундук жана процессуалдык маселелери айкындалып иштелип чыга элек.

Биздин пикирибизде «этномаданий компетенттүүлүк» -бул тарыхый эс тутуму, инсандык нарк нускасы жетик, өз улутунун руханий дөөлөттөрүнө сыйчыл мамилеси аны өздөштүрүү дымагы жогору, өзүн өткөн менен келечекти туташтырып туруучу көпүрө катары даярдоого карата сезим туйгулары, жүрүм туруму менен айрымаланган окуучунунун инсандык сапаттарынын көрсөткүчтөрү. Окуучулардын этномаданий сапаттары анын негизги компетенцияларынын ажырагыс звеносу, компоненти. Окуучулардын этномаданият чөйрчөсүндөгү көп кырдуу көрсөткүчтөрүнүн ичинен төмөндөгүлөрдү өзгөчө бөлүп көрсөтүүгө болот.

Когнитивдик(таанымдык) компонент окуучулардын этномаданий идея жана идеалдарга негизделген түшүнүктөрүн, билимдерин өнүгүш деңгээлин мүнөздөйт.

Ал окуучуда төмөнкүдөй сапаттардын калыптанышын талап этет:

– өз үй бүлөсүнүн генелогиясын (жети ата) тарыхын, ата-бабаларынын мекендин, улуттун өнүктүрүүдөгү өрнөктүү иштерин жеткилең билүү;

– эне тилинин дараметин оозеки жана жазуу речинде жеткилең колдоно алуу; Ата – мекендин өз элинин тарыхый жактан өнүгүшүнүн бардык этаптарын жакшы билүү;

– этникалык маданиятка, этнографияга, фольклорго тиешелүү түйүндүү түшүнүктөрдүн, маанисин, адептик-ыймандык көтөргөн жүгүн билүү;

– күндөлүк турмушта кеңири колдонулуп келе жаткан каада-салттардын, үрп-адат, ырасым-жөрөлгөлөрдүн, түшүнүктөрдүн дурус-буруш жактарын туура аңдап, айырмалай билүү;

– элдин тарыхый-маданий тажрыйбасы, адептик-этикалык салттары жөнүндө жетиштүү билимге ээ болуу;

– элдик оозеки чыгармаларды бир гана көркөм сөз үлгүсү эмес, өткөндөн калган осуят-насыяттардын казынасы катары түшүнүү жана талдай билүү;

– кичинекей кыргыз калкынын башка журтка акырындап сиңип жок болуп кетпей эл-журт катары сакталып калышында, анын улуттук аң сезиминин кыйын мезгилинде өчпөй, жанып турушундагы "Манастын" ордун маанисин билүү;

– мекенчил болуунун түпкү маани-маңызын түшүнүү менен бирдикте "улуттук "менменсинүү", "толеранттуулук" сыякутуу түшүнүктөрдүн айрымалуу жактарын жеткилең аңдоо.

Көз караштык дөөлөттүк компонент –окуучулардын этномаданий дөөлөттөргө карата көз караштарын, ишенимдерин, ынанымдарын мүнөздөйт.

– ата мекен жана аны түзгөн тарых, эне тил, маданият, санжыра элдик өнөр сыяктуу дөөлөттөр менен өзүнүн ортосундагы ажырагыс биримдикти, байланышты тереңдетүү өркүдөтүүгө тынымсыз умтулуу;

– өз элинин руханий-маданий мурастары менен сыймыктануу;

– элдик өрнөктүү каада-салт, үрп-адат, ырасым-жөрөлгөлөрдү урматтоо жана барктоо, аларды өзүнүн жашоо-турмушунун эреже-мыйзамына айландырууга умтулуу;

– элдик адептик жана рухий-ыймандык нарк-дөөлөттөрдү сактоого, окуп-үйрөнүүгө иликтеп-изилдөөгө жана жайылтууга ынтызар болуу;

– элдин руханий асыл нарктары аркылуу өзүн өзү көрүү, өзүн өзү таануу, өзүн өзү баалоо, өзүн өзү тарбиялоого карата чыныгы ыклас;

– өз элинин мамлекетинин турмушунда болуп жаткан өзгөрүүлөр үчүн тарыхый жоопкерчиликти туюуу.

Жүрүм-турумдук компонент

– Муундар аралык руханий-ыймандык жана маданий-тарыхый уланмалуулукту бекемдөөгө, ата- мекен тарыхы, эне –тил, элдик салттарды сактоого изгилик жана күйүмдүүлүк;

– улуттук ыйык дөөлөттөрдү жана символдорду сыйлоо, коомго жана мамлекетке жан аябай татыктуу кызмат кылууга чын ыкластуу иш аракет;

– "Манас" эпосун жана анын мазмунуна ширетилген даанышман осуят насыяттарды, инсандык өрнөктөрдү окуп үйрөнүп өздөштүрүүгө карата жигердүү аракет;

– Ата мекенди, эне тилди, ата-баба салттарын коргоо, өнүктүрүү үчүн зарыл болгон билгичтик, көндүм жана тажрыйбалардын калыптангандыгы;

– Ата Журттун гүлдөп өнүгүүсү, мекендештеринин бейпил жыргал турмушу үчүн патриоттук иш аракеттердин субьекти катары социалдык активдүүлүгү.

– "Этноцентризм" илдеттеринен четте болуу, чыдамкайлык, кечиримдүүлүк, башка улуттун өкүлдөрү менен мунасада жашай билүү ар кандай кырдаалда өзүнүн эмоционалдык маанайын башкара билүү.

Демек, жүрүм турумдук компонент - инсандын реалдуу иш аракетери жорук жосундары аркылуу ачыкталат.

Анткени, инсандын нравалык психологиялык касиеттерин мүнөздөгөн түшүнүктөр менен ынанымдар өзүнөн өзү эле конкреттүү жүрүм-турум аракетин айкындай албайт. Бирок, ар кандай кырдаалдагы жүрүм турум жоруктар инсандын түшүнүктөрүнүн, туткан позициясынын, дөөлөттөр дүйнөсүнүн реалдуу иш аракеттеги көрүнүшү катары кабылданат.

Арийне,илимде иштелип чыккан компетенциялар билим берүүнүн мазмунун аныктоочу документтерде, айрыкча мамлекеттик стандарттарда, окуу программаларда, окуу китептерде татыктуу ордун тапканда гана ийгиликтүү жүзөгө ашары анык. *Үчүнчүдөн* аталган парадигманын талаптары анын негизги баалуулуктарын ишке ашырууга кесиптик-педагогикалык компетенциялары жетиштүү мугалимдерди даярдоону талап этет. Кеп компетенттүүлүккө негизделген билим берүүнүн баалуулуктарынын коомдук педагогикалык аң сезимдин ажырагыс компонентине айланып массалык түрдө колго алынышында турат.

Адабияттар

1. Айтматов Ч. И дольше века длится день. Плаха. Пегий пес, бегущий краем моря. – Ф.: Кыргызстан, 1981. – 656 с.
2. Алимбеков А. Мектеп окуучусунун этномаданий компетенциялары// Шоокум**.** – Б., 2012. – №2.- 24-25-бб.
3. Бекбоев И., Алимбеков А. Азыркы сабакты даярдап өткөрүүнүн технологиясы.-Б.: Бийиктик, 2011.-192 б.
4. Волков Г.Н. Этнопедагогика: Учеб. для студ. сред. и высш. пед.учеб. заведений. – 2-е изд., испр. и доп. – М.: Издательский центр «Академия», 2000. – 176 с.
5. Муратов А. Ч. Айтматов жазуучу –этнопедагог. Бишкек.- 2006.
6. Салимова К. , Нана Доде. Педагогика народов мира: История и современность.- М.:Педагогическое общество России, 2001.-576 с.

УДК 004.9

АЛГОРИТМЫ, МЕТОДЫ И МОДЕЛИ ТЕСТИРУЮЩЕГО МОДУЛЯ АВТОМАТИЗИРОВАННОЙ ОБУЧАЮЩЕЙ СИСТЕМЫ ПО ПРОГРАММИРОВАНИЮ

Исмаилов Бактыбек Искакович, *д.т.н., профессор, Национальная Академия Наук КР, 720010, г. Бишкек, пр.Чуй 265а, Тел: 0771358645, e-mail: bismailov47@gmail.com.*
Каткова Светлана Николаевна, *ст. преподаватель, КГТУ им. И. Раззакова, Кыргызстан, 720044, г. Бишкек, пр. Мира 66, Тел:0550437100, e-mail:*goodday54@yandex.ru

Аннотация. В статье показано, как сделать процесс обучения программированию удобным для студента, развивающим не только теоретические основы, но и практические умения, навыки в разработке программ, т.е. компетенций, а также как обеспечить объективность оценки его знаний с помощью системы автоматизированной обучающей (АОС).

Ключевые слова: онтология, концепция модульности, модель компетенций студента, компетентностный подход, эталонные модели.

THE ALGORITHMS, METHODS AND MODELS OF AUTOMATED TESTER MODULE LEARNING PROGRAMMING SYSTEM

Ismailov Bakytbek Iskakovich*, Ph.D., Professor, National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic, 720010, Bishkek, Chui Avenue 265a, Phone: 0771358645,*
e-mail: bismailov47@gmail.com.
Svetlana Katkova*, Senior Lecturer, KSTU name after I. Razzakov, Kyrgyzstan, 720044 Bishkek, Mira 66, Phone:. 0550437100, e-mail: goodday54@yandex.ru.*

Abstract. The article shows how to make learning programming convenient for the student to develop not only the theoretical basis, but also practical skills, skills in developing programs, ie competences, as well as how to provide an objective assessment of his knowledge with the help of the automated training system (ATS).

Keywords: ontology, the concept of modularity, the model student competence, competence approach, reference models.

В настоящее время онтологии находят широкое применение в программировании [1]. Рассматриваются подходы к использованию онтологий и средств разработки онтологий в